

# Кыйынчылыктар убактылуу

**Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,**
**“Кыргыз Туусу”**

***Улуттук банк канчалык элди тынчтандырууга аракеттенгени менен, АКШ долларынын куну күн санап өсүүдө. Өзгөчө кечээ күнкү өсүш көпчүлүктү дүрбөлөңгө да салып жибергендей болду. Бул боюнча УБнын төрайымынын орун басары Сүйөркул Абдыбалы тегин кечээ журналисттер үчүн кыска пресс-конференция өткөрүп, валюталык рыноктогу абал боюнча өзүнүн көз карашын билдирди.***

– Ишемби, жекшемби күндөрү россиялык валюталык рынок өзүнүн өзгөрүлмөлүүлүгүн көрсөттү, – дейт ал. – А бул биздин рынокко да таасирин тийгизүүдө. Бүгүн, эртең мененден баштап биз валюталык курстун кескин өзгөрүүсүнүн себептерин билүүгө аракеттенип жатабыз.

Азыркы кырдаалга Украинадагы абалдын аныкталбагандыгы, россия рублинин негизги валюталарга карата курсу да себеп болууда. Анткени Россия менен Украинанын экономикасы өтө тыгыз интеграцияланышкан, соода-экономикалык байланыштары да жогору. Ошондуктан Россиянын Банктар аралык биржасынын, РТСтин фондулук биржасынын, Москва эл аралык валюта биржасынын индекстери кескин кулаган.

Биз буга чейин аракеттерди көргөнбүз. Бүгүн да ички валюталык рынокто интервенцияны баштадык. АКШ долларынын курсун 54,5 сом курсунда аныктадык. Бүгүн-эртең бул кырдаал ачыкталып, турукташат деп үмүттөнөбүз.

Эми банктар менен да сүйлөшүү жүргүзөбүз. Эртең накталай долларды сатууну да баштайбыз. Жыл башынан бери сом долларга карата 10%га жакын арзандаган. Быйылкы жыл башынан бери УБ тарабынан жалпысынан 90 миллион доллар интервенция жүргүзүлгөн. Салыштыруу үчүн айтсам, 2009-жылдын биринчи кварталында интервенциянын көлөмү 156 миллион доллар болгон.

Доллардын курсунун кескин өсүшү боюнча С.Абдыбалы тегин ага экономикалык себептердин жоктугун да белгиледи. Бирок, азыркы учурда ар кандай себептер бар экендигин айтуу менен, мында кызыл кулактык фактордун да таасирин жокко чыгарбады. Ошол эле учурда Россия менен Казакстан биздеги негизги соода-экономикалык өнөктөштөрүбүз болгондуктан, алардагы кырдаал бизге таасирин тийгизбей коюшу мүмкүн эмес. Кептин баары анын канчалык деңгээлде болгонунда.

– Бизде валютаны мамлекет тарабынан девальвациялоо же күчтөндүрүү жок, – дейт С.Абдыбалы тегин. – Биздин сомдун курсу рынокко карата “калкыган” режимде. Ошондуктан сом рынокто болуп жатканга дароо ыкташат.

Азыр УБда алтын-валюталык резервдер жетиштүү, коммерциялык банктарда да резервдер жетиштүү. Жалпысынан алганда, комбанктардын накталай жана накталай эмес резервдери 90 миллион доллардай. Ал эми УБнын алтын-валюталык резервдери 2 миллиард доллардан ашуун.

Журналисттердин доллардын курсунун сомго карата жогорулоосу менен комбанктардан доллар менен кредиттерди алышкан адамдарга таасири боюнча С.Абдыбалы тегин мындай проблема бар экендигине макул болду. Ошондуктан адамдардын кайсы валютада акча иштеп тапса, ошол валютада кредиттерди алганы туура болмоктугун кошумчалады.

Ал сомдун курсунун арзандашы баалардын жогорулоосуна алып келээри жөнүндө суроого, адатта сомдун курсунун 5-6%га төмөндөөсү, баалардын 1-2%га жогорулоосуна алып келе тургандыгын айтты. Негизи, рынок экономикасында баалар товарга суроо-талап менен сунуштардын ортосунда аныкталаарын да белгиледи.

А эң негизгиси, адамдарды дүрбөлөң түшпөөгө чакырды. Анткени сомдун курсуна бул да аз эмес таасирин тийгизмекчи.